**УДК: 37.064.2**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-499-504**

**Жоошбекова З.Р.**
ОшМУнун ага окутуучусу
**Бекмурзаева З.М.**
ОшМУнун магистранты

# КААДА-САЛТ КӨП МАДАНИЯТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

**Аннотация:** Жаш муундун баалуулук багыттарынын калыптанышына идеология, саясат, экономика, музыка, искусство, каада-салт жана башка факторлор да таасир тийгизет. Ушул факторлордун ичинен салыштырмалуу туруктуусу каада-салттар болуп эсептелет. Көп маданияттуу тарбия берүү процессинде ар түрдүү маданияттар чөйрөсүндөгү системалуу билимдерди үйрөтүү аркылуу маданияттар аралык мамилелерге даярап, көп этностук чөйрөдө жигердүү жана натыйжалуу жашоого жөндөмдүү, бөтөн маданияттарды түшүнүү жана урматтоо сезими өнүккөн, ар кандай улуттун, расанын, диний ишенимдердин өкүлдөрү менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоо билгичтигин маданияттуулугу менен айкалыштыра алган көп маданияттуу инсанды калыптандырууга болот.

**Негизги сөздөр:** каада-салт, маданият, баалуулук багыттары, билим берүү, тарбиялоо, көп этностук чойрө, этностор аралык мамиле, тынчтыкта жанаша жашоо, коп маданияттуулук.

**Жоошбекова З.Р.**
старший преподаватель ОшГУ
**Бекмурзаева З.М.**
магистрант ОшГУ

# ТРАДИЦИИ КАК СРЕДСТВО ВОСПИТАНИЯ К ПОЛИКУЛЬТУРНОСТИ

**Аннотация**: Идеология, политика, экономика, музыка, искусство, традиции и другие факторы также влияют на формирование ценностных ориентаций молодого поколения. Среди этих факторов относительно постоянными являются традиции. В процессе мультикультурного воспитания посредством обучения системным знаниям в области различных культур можно сформировать мультикультурную личность, способную к межкультурным отношениям, способную активно и эффективно жить в многоэтнической среде, развить чувство понимания и уважения к чужим культурам, умение жить в мире и согласии с представителями разных национальностей, рас, религиозных убеждений, сочетать в себе с цивилизованностью.

**Ключевые слова:** традиции, культура, ценностные ориентации, образование, воспитание, многоэтническая среда, межэтнические отношения, мирное сосуществование, мультикультурализм

**Jooshbekova Z.R.**
Senior lecturer at Osh State University
**Bekmurzayeva Z.M.**
master’s student at Osh State University

**TRADITIONS AS A MEANS OF EDUCATION FOR MULTICULTURALISM**

**Abstract:** ideology, politics, economics, music, art, traditions and other factors also influence the formation of value orientations of the younger generation. Among these factors, traditions are relatively constant. In the process of multicultural education, through teaching systemic knowledge in the field of various cultures, it is possible to form a multicultural personality capable of intercultural relations, able to actively and effectively live in a multi-ethnic environment, develop a sense of understanding and respect for foreign cultures, the ability to live in peace and harmony with representatives of different nationalities, races, religious beliefs, combine with civility.

**Key words**: traditions, culture, value orientations, education, upbringing, multiethnic environment, interethnic relations, peaceful coexistence, multiculturalism

Кыргызстандын окумуштуулары элдик каада-салттар коомдун социалдык баалуулуктарынын бири жана өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоонун натыйжалуу каражаты экендигин белгилешкен [1, 45-б.]. Ар бир улуттун кылымдар бою сакталган улуттук баалуулуктарды камтыган элдин турмушунда эзелтеден бери жашап келген каада-салттары бар. Алар элдин жан дүйнөсүнөн бекем орун алып, ар бири өз-өзүнчө түшүнүктөрдү камтып, инсандын калыптанышынын жана өнүгүүсүнүн негизги факторлорунун бири катары кызмат кылат. Ч. Валиханов ар бир эл өзүнө гана таандык каада-салттарга ээ экендигин, бирок бул каада-салттар дагы бири-бирине жакын жашаган калктарды көп маданияттуулукка тарбиялоодо таасир этээрин, байыркы каада-салттардын үлгүлөрүн ажыратып көрсөтүү менен алардын маанисине өзгөчө көңүл бурган [2, 124-б.].

Каада-салттарда элдин жашоо философиясы, коомдук-маданий тажрыйбасы, адептик баалуулуктары жана башка дөөлөттөрү камтылган. Каада-салт – муундан муунга, атадан балага өтүп, этностун бардык топторунда узак убакыт сакталуучу социалдык жана маданий мурас. Ал белгилүү бир коомдук тартип, жүрүм-турум эрежелери, дөөлөттөр, идеялар, адаттар аркылуу чагылдырылат. Айрым салттар бүткүл коомдук системага тарап, анын өсүп-өнүгүүсүнүн зарыл шартына айланса, айрымдары коом турмушунун тигил же бул тармагында (экономикада, саясатта, илимде, искусстводо) гана жашайт. Каада-салт жалпы улуттук маданий мураска таасир көрсөтүп, ошол эле учурда коомдогу ар бир этносоциалдык топ өз салтын кадырлап, өнүктүрөт жана сактайт. Азыркы учурда унутулуп бара жаткан, мурдагы тыюу салынган салттар эгемендүүлүктүн шартында коомдогу өз ордуна ээ болуп, өз милдеттерин аткарууда.

Ар бир этнос өзүнүн руханий баалуулуктарынын жаратуучусу жана өнүктүрүүчү күчү болуп эсептелет. Каада-салттардын жардамы менен жаңы муунга тажрыйба, билим, маданий дөөлөттөр, тарбиялоо каражаттары сакталат жана берилет. Коомдогу социалдык жана маданий дөөлөттөрдүн позитивдүү жактарын жаш муундарга өткөрүп берүү, материалдык жана руханий дөөлөттөрдү камтыган социалдык мурасты элге терең жеткирүү азыркы мезгилдин эң ири милдети болуп саналат. Ар бир элдин маданиятынын тарыхый тамыры бар. Улуттун маданияты анын тарыхый-географиялык шарттарына, басып өткөн жолуна, дүйнө таанымына жана башка жагдайларга көз каранды. Ата-бабалардан калган мурастарды пайдалануу – адамдардын чыгармачылык аракеттеринин, бүткүл адамзат маданиятынын өсүп-өнүгүшүнүн булагы. Ошондуктан, ар бир элдин маданияты анын ички маңызын, дүйнөгө болгон көз карашын жана мамилесин туюндурат. Азыркы коомдо маданият социалдык мааниге ээ болуп, адамдардын мобилдүүлүгүнө, баарлашуунун кеңейишине, руханий жактан өсүшүнө шарт түзөт. Бүгүнкү

ааламдашуунун шартында да элдин тарыхый тажрыйбасы, бабалар мурасынын негизинде жаш муундарды татыктуу тарбиялоо маселеси актуалдуу боюнча калууда.

Элдин каада-салтын, үрп-адатын көптөгөн философтор, социологдор, этнографтар, фольклористтер, культурологдор, лингвисттер тарыхчылар изилдешкен. Илимий адабияттарда каада-салт, үрп-адат, нарк сыяктуу түшүнүктөргө ар түрдүү аныктамалар берилген. Каада-салт жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ болуу менен бирге коомдук мамилелердин негизги нормаларын, принциптерин, улуттук касиетти, үрп-адатты, ырым-жырымдарды өзүнө камтып, муундан муунга өткөрүлүп берилген.

Салт – коомдук мамилелердин жалпыланган нормасы, коомдук аң-сезимдин бардык жагында көрүнүп, идеология чөйрөсүнө жакын. Салт улам кайталанып турганы, кийинки муун тарабынан толукталып кийинки урпактарга өткөрүлүп берилет же коомдук өнүгүүгө тоскоолдук жаратылса, токтотулуп калышы да мүмкүн, бул анын өзгөчөлүгү. Улуттук салт – улуттун психикалык турпатына, коомдук аң-сезимине мүнөздүү жүрүм-турум эрежелери. Этнопсихологияда “Салт дайыма элдин турмуш-тиричилигинин терең маңызында жашап, жашоо-тиричиликтин жашоо формасы боюнча бир улутту экинчи бир улуттан айырмаланып туруучу ата-бабадан, эл жашаган коомчулуктун мыйзамын түшүндүрүп туруучу салт-санаанын, ырым-жырымдын иреттүү системалаштырылган фольклордук формасы” экендиги аныкталган [3, 65-б.].

«Каада» – жекелик мүнөзгө ээ болуп, ар бир адамдын жалпы элдик салтка карата болгон мамилеси. Үрп-адат – коомдук жүрүм-турумдун салт боюнча калыптанган тартиби [4]. Х.Карасаевдин «Өздөштүрүлгөн сөздөр» сөздүгүндө каада түшүнүгү: салт, жосун, эреже (120,128-б.), – деп берилсе, Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: «үрп, адат-салт» (158,630-б.) деп берилген. Ал эми К.Юдахинде: «салт, туруктуу кабыл алынган эреже, церемония, ырым-жырым, жөрөлгө» деп берилген [5, 23-б.] .

Каада – иш-аракеттердин жүрүшүн жана аны ишке ашышын мүнөздөөчү көрүнүш. Аткарылуучу ички эрежелердин системасы каадаларды түзүп турат. Каада нарктуу ишти аткаруунун мүнөзү. Кааданын аткарылышы нарктарды орундуу колдоно билүүнү, ал тургай, адамдардын турмуштук билиминин, тажрыйбасынын деңгээлин түшүндүрөт. Төмөндө ушул багыттагы айрым каадаларды көрсөтө кетели:

- ата-энелик нарктты сактоо,
- балага ат коюу, сыйлуу адамга ырымдап ат койдурган;
- улууга озунуп салам айтуу – улууларды сыйлоону, урматтоону билдирет, ал кичипейилдикти түшүндүрөт;
- улуу кишинин балага устукан берүүсү;

Нарк жана нарктуулук, нарктарды сактоо – элдик мыйзамдар, аларды кармануу улуттун ар бир атуулу үчүн милдет. Нарк – ал улутка тишелүү, ар бир жаран билүүгө тийиш болгон ар-намыс, парз жана өз улутунун өзгөчөлүктөрүн, анын бүтүндүгүн, иденттүүлүгүн билгизип, ал эрежелерди билүү жана аны сыйлоо мүнөзүн берет. Нарктты билбеген адамды элибиз. «наркы жок», «нарк билбеген билимсиз наадан», – деп айыпташкан [6, 171-б.]. Аталардан калган асыл нарктарыбызды эске салалы. Мисалга алсак:

-Ата-энени сүйүү жана урматтоо;

-Ата Мекенди сүйүү, коргоо жана ага кызмат кылуу;

-Эл-журт алдындагы атуулдук парзын аткаруу;

-Туулуп-өскөн жерин таштап кетпөө;

-Баш кийимди кастарлоо;

-Комузду урматтоо;

-Абийир, ар-намысты таза сактоо ж.б.у.с.

Үрп-адат кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: «Көпчүлүк эл үчүн өнөкөт болуп калган каада-салт, традиция, жүрүм-турум тартиби. Укумдан тукумга өтүп келаткан адат, салт» [7, 35-б.], – деп берилсе, Х.Карасаевдин аталган сөздүгүндө: «Өнөкөт (ир), салт, жосун, жөрөлгө» [8, 7-б.], ал эми К.Юдахинде болсо: «Салт, адат, традиция, кадимки эреже, кадимки эрежелердин нормаларынын жыйындысы», «Эл тарабынан кабыл алынган салттардын жыйындысы» [9, 248-б.], – деп жазылып турат.

Үрп-адат тигил же бул элге, этноско, улутка тиешелүү, муундан муунга өтүп тарыхый калыптанган, кайталанып туруучу туруктуу система, коомдун ар бир мүчөсүнүн өз ара карым катышын тескеп турган социалдык жана коомдук мамилелеринин туруктуу нормалары катары элдин карманган моралдык баалуулуктарына, ишенимдери менен түшүнүктөрүнө жана кулк-мүнөзүнө, идеалдарына ылайык келет. Ырым-жырым, үрп-адат адамдын жүрүм-турумун жөнгө салууда маанилүү ролду ойнойт. Жөрөлгө – үрп-адат боюнча жасалган тиричиликти жана диний көз караштарды камтыган аракеттер. Ритуал, церемониал – турмуш-тиричиликтеги же диний иш-чараны өткөрүүдөгү аракеттердин ырааттуулугу [10, 131-б.].

Каада-салт да, үрп-адат да рухий жана материалдык өндүрүштүк мамилелердин формаларын чагылдырат. Каада-салттар үрп-адаттардагы конкреттүү ритуалдык аракеттер, жүрүм-турум аркылуу ачылат.

Кыргыз, өзбек эли өз каада-салттарын көп кылымдар бою улуттук менталитетине ылайык сактап, кийиики муундарга мурас катары калтырышкан. Каада-салтта элдин көп кылымдарда топтолгон турмуштук тажрыйбасы, акыл-эс, түшүнүк-туюму, жашоо өрнөгү философиянын деңгээлинде аныкталган.

Айрым этникалык өзгөчөлүктөр адам баласы жашоо турмушуна пайдасын тийгизген касиеттерге (“колдоочусуна” (рухуна) ишенип, сыйынуу (ырым-жырымдарды өткөрүү) менен күндөлүк жашоосунда такай же мезгил-мезгили менен уюштуруп тургандыктан калыптанган. Жерден мол түшүм алыш үчүн дыйкандардын пири “Баба дыйканга” сыйынуу менен үрөн себүү алдында: “Быйылкы жылы Баба дыйкан колдоп, мол түшүм болсун!”, – деп бата кылып, үрөн себүүнү башташкан [11, 87-б.]. Ушундай эле ырымдарды дыйканчылыктын башка түрүнө карата колдонушкан.

Совет мезгилинде этностор ортосундагы мамилелелердин активдешүүсүнө орус тилинин таасири абдан чоң болгон. Көп маданияттуулуктун негизги фактору катары орус тили эсептелген [12, 22-б.]. Орус тилин жакшы өздөштүргөндөрдүн башка улуттун өкүлдөрү менен достук, кызматташтык мамилелери орус тилин жакшы билбегендерге караганда тыгыз байланышта болгон. Бул жагынан караганда шаардык кыргыздардын жана өзбектердин башка улуттун өкүлдөрү менен карым-катышы көбүрөөк болгон. Айыл жеринде мындай көрүнүштөр азыраак байкалган. Ар бир мезгилдин өзүнүн талаптары бар. Совет мезгилинде жалпы бир идеологиянын таасири менен интернационалдаштыруу саясаты жүрүп келсе, СССРдин таркашы, өз алдынча эгемен мамлекеттердин пайда болушу менен кырдаал бир топ өзгөрдү.

Кыргызстандын түштүгү байыртадан эле көп тилдүүлүк тараган аймак болсо да этностор бири-бирин котормочусуз эле түшүнүшкөн. Бири-бирине кыз берип, куда-сөөк мамилелери да арбын болгон. Ушул жаатта өзбек улутундагылардын көбү кыргыздар менен тыгыз мамиле кылышкан. Мына ушул жагдай кыргыздар менен баарлашуу, мамилелешүү, аралаш үй-бүлөлөрдүн көп түзүлүшүнө алып келген. Фергана байыркы замандардан бери кыргыздар, өзбектер жана башка этностор жашаган көп улуттуу чөлкөм болгон. Бул өрөөндө отурукташкан-

дыйканчылык жана көчмөн-малчылык чарбаларынын синтезинен келип чыккан цивилиация жана каада салттар калыптанып, бүгүнкү күнгө жеткен. Этнограф А.К. Мурзакметовдун пикири боюнча, өлкөбүздүн түштүк регионунда жашаган кыргыз эли менен өзбек элинин каада-салттары өтө жакын, максатында да жалпы окшоштуктары жана улуттук менталитетке байланышкан гана бир аз айырмачылыктары бар [13, 134-б.].

Учурдагы коомдогу өзгөрүүлөр, рынок экономикасы этностогу негизги баалуулуктар материалдык байлык, буюмдар, шарт катары каралган кооптуу мүнөздүү багыттарды пайда кылды. Этностун руханий жактан өзүн-өзү өнүктүрүүсү жаш муундун ата-бабалардын маданий-тарыхый жана социалдык дөөлөттөрүнүн салтында тарбияланышы аркылуу жетишилет. Инсандын калыптанышы салттар менен бекемделген жашоо, дүйнө, адеп-ахлак жөнүндөгү түшүнүктөрдүн системасы жана жүрүм-турум эрежелери түрүндөгү көп кырдуу коомдук тажрыйбаны өздөштүрүү жүрүмүндө ишке ашат. Ар бир этностун этносоциалдык тажрыйбасында улуттук баалуулуктар жалпы адамзаттык баалуулуктар менен шайкеш келип, анын негизги тарбиялык милдети – бул баалуулуктарды жаш муундарга сиңирүү болуп саналат. Элдик каада-салттардын тарбиялык милдеттеринин өзгөчөлүгү элдин турмушу менен байланышта болуп, үй-бүлөдө адамдын бала кезинен эле аң-сезимине, жүрүм-турумуна түздөн-түз таасирин тийгизгендигинде болуп саналат [14, с.3].

Айрыкча бир аймакта кошуна, бирге жашаган элдердин мамилелерин, бири-бирине таасир этүүсүн изилдөө маанилүү болуп эсептелет. Бул багытта жаш муундарды тарбиялоодо тарыхый, көркөм маданият музейлеринин иши да маанилүү. Бул өз элинин жана бөтөн элдердин маданий тажрыйбасын да аңдап түшүнүүгө, этностордун ортосундагы мамилелердин жакшыруусуна, коомдо көп маданияттуулукту өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттарынын тарбиялык мааниси, аларда улууларды урматтоо, адамгерчилик, мекенчилдик, меймандостук, адептүүлүк, сабырдуулук, коллективдүүлүк сыяктуу баалуулуктар камтылгандыгында. Алар жаштардын инсан катары калыптанышында чоң тарбиялык мааниге ээ. Салттарды инсандын баалуулук багыттары катары өздөштүрүү көптөгөн авторлордун ою боюнча, мектепке чейинки мезгилден баштап жүрөт. Ошондуктан болочок мугалимдерди мектеп окуучуларын көп маданияттуулукка тарбиялоого даярдоодо каада-салттардын таасирин пайдалануу абдан зарыл. Алдыңкы педагогдордун баары каада-салттарды элдин чыгармачылыгы, анын маданиятынын баштапкы булагы катары баалуулугун белгилешкен.

Жаштардын өз элинин же улутунун каада-салттарына болгон мамилеси үй-бүлөдөгү кырдаалга, билим берүү мекемелеринин, ошондой эле мамлекеттик саясаттын багыттарына жараша болот. Ал эми элдик каада-салттар аркылуу болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоону төмөндөгүдөй айта алабыз. ЖОЖдо окутуу-тарбиялоо процессинде тарыхый калыптанган улуттук каада- салттардын негизинде болочок мугалимдердин аң-сезиминде улуттук, жалпы адамзаттык баалуулуктар, инсандык, атуулдук жана кесиптик сапаттар калыптанса, анда элдик каада-салт аркылуу көп маданиятка тарбиялоо деп түшүнөбүз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Мурзакметов, А. К. Кыргыз-өзбек этномаданий жалпылыктары [Текст] / А.К. Мурзакметов. – Ош, 2015. – 10 с.

2. Собрания сочинений Ч. Валиханова в пяти томах. [Текст]/ Ч.Валиханов. – Алматы.Наука,1961.-Т.1.с.196-202.
3. Бенкс Д. Мультикультурное образование: цели измерения. [Текст] /Д. Бенкс //Новые ценности образования.–М.:1996.–С.12-14.
4. Мамбетакунов, Э.М. Педагогикалык изилдөөнүн методоло-гиясы[Текст] /Э.М. Мамбетакунов – Бишкек, Техник ББ,2015. –128 б.
5. Юдахин, К. Кыргызча-орусча сөздүк, Б., «Шам», 2000
6. Шадиев, Н.С. Подготовка студентов к нравственно-эстетическому воспитанию младших школьников средствами кыргызского музыкального фольклора [Текст]: автореф. дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.С.Шадиев. – Бишкек, 2011. – 24 с.
7. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү», Б, 2015, 1-2-китеп
8. Карасаев, Х «Өздөштүрүлгөн сөздөр», сөздүк. [Текст] / Х. Карасаев. –Ф., 1986
9. Эгембердиев, У. Использование прогрессивных идей и опыта кыргызской народной педагогики в воспитании подростков. [Текст]: автореф. дис. канд. пед наук. / У. Эгембердиев. – Казань, 1987. – 16 с.
10. Мириманова, М. Толерантность как проблема воспитания [Текст] / М. Мириманова // Развитие личности, 2002. – № 2. – 104-116 сс.
11. Кулагина, С. Г. Поликультурное образование личности и интеркультурная коммуникация [Текст] / С.Г. Кулагина. Вестник Оренбургского государственного университета: Социология, психология, педагогика, 1999. – №3. – 38-41 сс.
12. Асипова, Н.А. Межкультурные коммуникации и поликультурное образование [Текст] / Н.А. Асипова. – Бишкек, 2015. – 131 с.
13. Мурзакметов, А. К. Кыргыз-өзбек этномаданий жалпылыктары [Текст] / А.К. Мурзакметов. – Ош, 2015. – 10 с.
14. Жоошбекова А.Р., Ишенбек уулу Т. Кыргызстандагы казактардын калыптанышы жана өнүгүшү /КМУнун Жарчысы, 2024-ж. №2.

**Рецензент: тарых илимдеринин доктору Алымбаев Ж.Б.**